**Биология**

**PISAга багытталган тест**

**6 – класс**

| *Оң тараптагы текстти окуп чыгып, суроого жооп жазгыла.*<br>**1-суроо:** Эмне себептен ашпозчу банканын оозун ширетип бекиткен соң көпкө кайнаткан?<br>***Бир гана туура жоопту тандагыла:***<br><br>А) даамын жакшыртуу үчүн<br>Б) бактерияларды өлтүрүү үчүн<br>В) витаминдерди сактоо үчүн<br>Г) кошулган татымалдарды жакшыртуу үчүн | **Көрүнбөгөн кошуналар**<br><br>Өткөн кылымдын башында жашаган Француз аштозчусу Франсуа Аппер бир жолу мындай тажрыйба жүргүзгөн: ал кайнатылган эт, шорпо, өрүктөрдү темир банкага куюп, оозун ширетип бекитип койгон дагы, аны көпкө кайнаткан. Аппер бир айдан соң банканы ачып, азык бузулбай сакталгандыгын жана аны тамак-аш үчүн колдонууга боло тургандыгын көргөн. Наполеон ашпозчунун бул эмгеги үчүн аны 12 миң франк менен сыйлаган. |
|---|---|

| ***Оң тараптагы текстти окуп чыгып, берилген маалыматтарга таянып суроого жооп жазгыла.***<br>**2-суроо:** Окуучулар кандай жыйынтык алышат?<br>***Түшүндүргүлө:***<br>------------------------------------------------<br>------------------------------------------------<br>---------------- | **Көрүнбөгөн кошуналар**<br>Мектептен мугалим окуучуларга төмөндөгүдөй практикалык иш берди: Бир таза банка алып ага 100 мл пастеризацияланган сүт куйгула, башкасына 100 мл жаңы саалган сүттү куюп койгула. Банкалардын оозун бекем капкак менен жабасыңар. Эки банканы тең 24 саатка жылуу жерге коюп, андан кийин ачкыла. |
|---|---|

<table>
<tr>
<td>Оң тараптагы текстти окуп чыгып, суроого жооп жазгыла.<br>
3-суроо: Кандай ыкмалар аркылуу сүттүн сактоо мөөнөтүн узартууга болот?<br>
Сүттү сактоо мөөнөтүн узартуунун 2 ыкмасын жазгыла:<br>
<br>
1. -----------------------------------------<br>
2. -----------------------------------------<br>
-----------------------------------------</td>
<td>Көрүнбөгөн кошуналар<br>
Дүкөндөн алынган ар бир тамак-аштын сыртындагы этикеткасында төмөндөгүдөй жазуу бар: “Жарамдуу мөөнөтү... чейин” же “Сактоо мөөнөтү ...”<br>

</td>
</tr>
</table>

<table>
<tr>
<td>Оң тараптагы текстти окуп чыгып, суроого туура жоопту тандагыла.<br>
4-суроо: Топурактагы санитар бактериялар эмне кызмат аткарышат?<br>
А) жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн зыянкечтерин жок кылышат<br>
Б) тирүү организмдердин органикалык заттары менен азыктанышат<br>
В) өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын өлгөндөн калган калдыктарын чириндиге ажыратат<br>
Г) жагымсыз шарттарга туруштук берүүгө жардам берет</td>
<td>Көрүнбөгөн кошуналар<br>
Ар жылы күзүндө дарактардын жана бадалдардын жалбырактары түшөт. Бир жылдык өсүмдүктөрдүн калдыктары жана көп жылдык өсүмдүктөрдүн кай бир бөлүктөрү кургайт. Карт дарактардын сөңгөктөрү кулайт. Өлгөн жаныбарлардын калдыктары калат. Алар кайда жок болуп кетип жатат?<br>
1г топуракта жүздөгөн миллион бактериялар болот. Буларды планетанын санитарлары деп аташат.</td>
</tr>
</table>

| | |
|---|---|
| ***Оң тараптагы текстти окуп чыгып, суроого туура жоопту тандагыла.***<br>**5-суроо**. Адам кандай жолдор менен өпкөнүн кургак учугун жугузушу мүмкүн?<br>***Бардык туура жооопторду белгилегиле:***<br>А) аба-тамчы жолу аркылуу<br>Б) кан куюуда<br>В) оорулуу менен сүйлөшүүдө<br>Г) стерилдүү эмес аспаптар аркылуу | **Көрүнбөгөн кошуналар**<br>Бактериялар адамдарда ар түрдүү ооруларды чакырат. Кургак учуктун таякчасы- кургак учук оорусуна алып келет. Бул бактерия адамдын каалаган органын жаралашы мүмкүн. Кургак учуктун эң кеңири таралган жана жугуштуу формасы бул- өпкөнүн кургак учугу (70%). Ал эми башка формалары: сөөктүн, боордун, бөйрөктүн кургак учугу жугуштуу эмес. Бүгүнкү күндө кургак учукту ийгиликтүү алдын алууга жана туура дарылап айыктырууга болот. |